# С. ТЕНТИШЕВ АТЫНДАГЫ АЗИЯЛЫК ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ

**«БЕКИТЕМИН»**
**С. Тентишев атындагы**
**Азия медициналык**
**университетинин**
**ректору,**
**м.и.д., профессор**
**Сельпиев Т. Т.**
**«30» 10 2025-ж.**

## 2025–2026-ОКУУ ЖЫЛЫНА С. ТЕНТИШЕВ АТЫНДАГЫ АЗИЯ ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИНЕ АБИТУРИЕНТТЕРДИ КАБЫЛ АЛУУ ЭРЕЖЕЛЕРИ

### 1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

**1.1.** Бул «С. Тентишев атындагы Азия эл аралык университетине (мындан ары – С. Тентишев атындагы АзЭУ) абитуриенттерди кабыл алуу эрежелери» Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларына кабыл алуу тартибине жана билим берүү тармагындагы башка ченемдик укуктук актыларга ылайык иштелип чыккан.

**1.2.** Биринчи курска жалпы орто жана орто кесиптик билими бар адамдар кабыл алынат.

**1.3.** Башка мамлекеттердин жарандарын С. Тентишев атындагы АзЭУде окутуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, чет өлкөлүк жарандарды кабыл алуу эрежелерине жана С. Тентишев атындагы АзЭУ менен башка мамлекеттердин билим берүү уюмдарынын ортосунда түзүлгөн келишимдерге же жеке жарандар менен түзүлгөн келишимдерге ылайык жүзөгө ашырылат.

**1.4.** Абитуриент С. Тентишев атындагы АзЭУнин Уставы, билим берүү ишмердүүлүгүнө берилген лицензиялар, мамлекеттик жана башка

Scanned with CamScanner

аккредитация (аттестация) сертификаттары, кабыл алуу эрежелери, ошондой эле кирүү сынактарынын программалары жана кабыл алууга тиешелүү башка зарыл маалыматтар менен таанышууга укуктуу.

**1.5.** Төлөм негизинде окууга кабыл алууда кабыл алуу комиссиясы абитуриентти тараптардын милдеттенмелери, окуу үчүн төлөмдүн өлчөмү жана аны төлөө тартиби менен тааныштырууга милдеттүү.

## 2. КАБЫЛ АЛУУДУ УЮШТРУУ

**2.1.** С. Тентишев атындагы АзЭУде окуунун бардык формалары боюнча келишимдик негизде (окуу акысы төлөнүүчү) студенттерди кабыл алууну уюштуруу үчүн, негиздөөчүнүн макулдугу менен ректордун буйругунун негизинде кабыл алуу комиссиясы түзүлөт. Комиссиянын төрагасы болуп ректор эсептелет.

**2.2.** Кабыл алуу комиссиясынын негизги милдети — Кыргыз Республикасынын Конституциясында, «Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамында белгиленген жарандардын билим алуу укуктарын камсыз кылуу, кабыл алуу жол-жоболорунун бардык этаптарында ачык-айкындуулукту сактоо жана кабыл алуу комиссиясынын жетекчилигинин жеткиликтүүлүгүн камсыздоо болуп саналат.

**2.3.** Кабыл алуу комиссиясынын төрагасы кабыл алуу планынын аткарылышына, лицензияда белгиленген максималдуу контингенттин сакталышына жана жогорку окуу жайларга кабыл алуу боюнча ченемдик укуктук актылардын талаптарына жооп берет. Ал кабыл алуу жана апелляциялык комиссия мүчөлөрүнүн милдеттерин аныктайт, алардын иш тартибин жана жарандарды кабыл алуу графигин бекитет.

**2.4.** Кабыл алуу комиссиясынын курамы, ыйгарым укуктары жана иш тартиби АзЭУнин ректору тарабынан бекитилүүчү тиешелүү жобо менен аныкталат. Комиссиянын ыйгарым укук мөөнөтү бир жылды түзөт.

**2.5.** Кабыл алуу комиссиясынын ишин, иш кагаздарын жүргүзүүнү, ошондой эле абитуриенттерди жана алардын ата-энелерин (мыйзамдуу өкүлдөрүн) жеке кабыл алууну ректор тарабынан дайындалган жооптуу катчы уюштурат. Кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысынын талапкерлиги Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги менен макулдашылат. Бир эле адам жооптуу катчы болуп эки жылдан ашык катары менен иштей албайт.

**2.6.** Кирүү сынактарын уюштуруу жана өткөрүү үчүн кабыл алуу комиссиясынын төрагасы экзамендик жана апелляциялык комиссиялардын

Scanned with CamScanner

курамын бекитет. Бул комиссиялардын ыйгарым укуктары жана иш тартиби ректор тарабынан бекитилүүчү тиешелүү жоболор менен аныкталат. Экзамендик комиссиялар АзЭУнин эң тажрыйбалуу окутуучуларынан түзүлөт. Бул комиссиялардын курамы жыл сайын кеминде 50 пайызга жаңыланып турушу керек.

**2.7.** Экинчи жана андан кийинки курстарга кабыл алууда аттестациялык сынактарды уюштуруу жана өткөрүү үчүн жогорку окуу жайда аттестациялык комиссиялар түзүлөт. Алардын түзүлүш тартиби, курамы, ыйгарым укуктары жана ишмердүүлүгү, ошондой эле аттестациялык сынактарды өткөрүү тартиби ректор тарабынан бекитилген тиешелүү жоболор менен аныкталат.

**2.8.** Жогорку окуу жайга кабыл алууда кабыл алуу комиссиясынын төрагасы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жарандардын билим алуу укуктарын сактоону, комиссиянын ишинин ачык-айкындуулугун, абитуриенттердин жөндөмдүүлүктөрүн жана кызыкчылыктарын объективдүү баалоону, ошондой эле кабыл алуу комиссиясынын жетекчилигинин бардык этаптарда жеткиликтүүлүгүн камсыз кылат.

**2.9.** Кабыл алуу комиссиясы абитуриенттин жалпы республикалык тестирлөөгө (мындан ары – ЖРТ) катышуусу тууралуу маалыматтардын аныктыгын текшерүүгө милдеттүү. Ошондой эле абитуриент тарабынан берилген башка билим берүү документтеринин аныктыгын текшерүүгө укуктуу.

## 3. ДОКУМЕНТТЕРДИ КАБЫЛ АЛУУ

**3.1.** Документтерди кабыл алуу эрежелеринде төмөнкү түшүнүктөр колдонулат:

- «Жалпы республикалык тестирлөө» Кыргыз Республикасынын жарандары үчүн (мындан ары – ЖРТ).
- Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларына кабыл алуу конкурсуна катышуунун автоматташтырылган маалыматтык системасы (мындан ары – АИС «КР ЖОЖдоруна онлайн кабыл алуу»).
- АИС «КР ЖОЖдоруна онлайн кабыл алуу» – ЖРТнын жыйынтыгы боюнча онлайн режимде катталуу жана кабыл алуу порталы.
- Электрондук талон – АИС «КР ЖОЖдоруна онлайн кабыл алуу» аркылуу электрондук түрдө берилген арыз.

**3.2.** ЖРТ жыйынтыгы боюнча күндүзгү (очно) окуу формасына документтерди кабыл алуу жана тариздөө АИС «КР ЖОЖдоруна онлайн кабыл алуу» аркылуу жүргүзүлөт.
Атайын электрондук формада абитуриенттер төмөнкү документтердин скан көчүрмөлөрүн тиркейт:

Scanned with CamScanner

- паспорт;
- жалпы орто билим жөнүндө документ;
- 086-У формасындагы медициналык справка;
- аскердик билет же чакыруу күбөлүгү;
- 3×4 өлчөмүндөгү алты даана түстүү сүрөт.

Чет өлкөлүк жарандар кабыл алуу комиссиясына Кыргыз Республикасынын жалпы орто билим берүү мамлекеттик документине теңдеш билим берүү документин электрондук түрдө тапшырууга милдеттүү. Чет өлкөлүк жарандардын документтерин экспертизалоо Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги тарабынан жүргүзүлөт. Министрлик тарабынан берилген билим деңгээлинин шайкештиги тууралуу справкасыз чет өлкөлүк жарандарды кабыл алууга жол берилбейт.

**3.3.** Абитуриенттер АИС «КР ЖОЖдоруна онлайн кабыл алуу» аркылуу документтерди тапшыргандан кийин ЖРТ жыйынтыгы боюнча студенттердин катарына кабыл алынышы мүмкүн.

**3.4.** ЖОЖго кабыл алууга сунушталган абитуриент окууга болгон ниетин тастыктоо үчүн оригинал документтерди, тиешелүү сандагы сүрөттөрдү тапшырып, документтерди иштетүү үчүн төлөм квитанциясын техникалык комиссияга көрсөтүшү керек. Документтер кабыл алынгандан кийин абитуриентке квитанция берилет. Ар бир абитуриентке жеке иш (личное дело) ачылып, анда бардык берилген документтер жана кирүү сынактарынын, аттестациялык сынактардын материалдары сакталат (анын ичинде ЖОЖдын апелляциялык комиссиясынын протоколунун көчүрмөсү).

**3.5.** Абитуриенттердин жеке иштери документтерди кабыл алуу башталган күндөн тартып алты ай бою жогорку окуу жайда сакталат.

**3.6.** С. Тентишев атындагы АзЭУнин кабыл алуу комиссиясына атайылап жалган документтерди берген абитуриенттер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартышат.

## 4. ЖАЛПЫ РЕСПУБЛИКАЛЫК ТЕСТИРЛӨӨ ЖАНА КИРҮҮ СЫНАКТАРЫ

**4.1.** Келишимдик негизде (окуу акысы төлөнүүчү) окууга абитуриенттерди кабыл алуу конкурсу ЖРТнүн (Жалпы республикалык тестирлөөнүн) үстүбүздөгү жылдагы өтүү балынан жогору жыйынтыктары боюнча 2024-жылдын 31-августуна чейин жүргүзүлөт, ал эми чет өлкөлүк жарандар 2024-жылдын 15-октябрына чейин кабыл алынышы мүмкүн.

Scanned with CamScanner

**4.2.** Кирүү жана аттестациялык сынактардын (предмет, дата, убакыт, экзамендик топ, өткөрүү жери, консультациялар, жыйынтыктарды жарыялоо датасы) графиги кабыл алуу комиссиясынын төрагасы же анын орун басары тарабынан бекитилет жана абитуриенттерге аралыктан маалымдалат. Онлайн кирүү жана аттестациялык сынактардын графигинде экзамендик комиссиянын төрагаларынын жана экзаменаторлордун фамилиялары көрсөтүлбөйт.

**4.3.** Конкурска катышууга укук берген минималдык өтүү баллы ЖОЖ тарабынан алдын ала белгиленет жана максималдуу мүмкүн болгон баллдын 40 пайызынан кем болбоого тийиш.

**4.4.** Келишимдик негизде окууга сунушталган абитуриенттердин тизмеси онлайн экзамен өткөрүлгөндөн кийинки күндүн саат 10:00дөн кечиктирбестен жарыяланат.

**4.5.** С. Тентишев атындагы АзЭУге кабыл алынган абитуриенттердин тесттик жыйынтыктары электрондук форматта жеке иштерге киргизилет. Кабыл алынбаган абитуриенттердин тесттик материалдары электрондук форматта алты ай сакталат, андан кийин жок кылынат.

**4.6.** С. Тентишев атындагы АзЭУде төмөнкү предметтер боюнча онлайн тестирлөө түрүндө кирүү сынактары өткөрүлөт:

- химия, биология, кошумча англис жана орус тилдери;
- «Дарылоо иши» жана «Стоматология» факультеттери үчүн негизги предмет — биология;
- кирүү сынактары орто жалпы билим берүү программаларына ылайык жүргүзүлөт;
- кирүү экзамендери төмөнкү окутуу формалары боюнча өткөрүлөт:
    - күндүзгү форма — онлайн тестирлөө түрүндө;
    - чет өлкөлүк жарандар үчүн — онлайн режимде (тестирлөө же маектешүү).

**4.8.** Жүйөлүү себептер менен (тиешелүү документтер менен тастыкталган) онлайн кирүү экзаменине келбей калган абитуриенттерге кабыл алуу комиссиясынын уруксаты менен белгиленген мөөнөттөрдүн чегинде параллелдик топтордо же жеке тартипте кайра тапшырууга жол берилет.

**4.9.** Онлайн тестирлөөдө инсандыгын тастыктаган документ (паспорт, жеке күбөлүк, аскердик билет) көрсөтүлөт.

- Абитуриенттердин билими баллдык система менен бааланат.
- Өтүү баллынын төмөнкү чеги ар бир факультет боюнча кабыл алуу планы менен аныкталат, бирок максималдуу баллдын 40 пайызынан төмөн болбоого тийиш.

Scanned with CamScanner

- Онлайн экзамендерде баалоо төмөнкү шкала боюнча жүргүзүлөт: «эң жакшы», «жакшы», «канааттандырарлык», «канааттандырарлык эмес».

## 5. АПЕЛЛЯЦИЯЛАРДЫ БЕРҮҮ ЖАНА КАРООНУН ЖАЛПЫ ЭРЕЖЕЛЕРИ

**5.1.** Кирүү же аттестациялык сынактын жыйынтыгы боюнча абитуриент апелляциялык комиссияга жазуу түрүндө апелляциялык арыз берүүгө укуктуу. Арызда, анын оюу боюнча, сынакты өткөрүү тартибинин бузулушу жана/же жыйынтыктар менен макул эместиги көрсөтүлөт (мындан ары – апелляция).

**5.2.** Апелляцияны кароо экзаменди кайра тапшыруу болуп саналбайт. Апелляцияны кароо учурунда кирүү онлайн сынагынын жыйынтыгын баалоонун тууралыгы гана текшерилет.

**5.3.** Апелляция экзамендин баасы жарыялангандан кийинки күнү берилет. Кабыл алуу комиссиясы апелляцияларды иш күнүнүн ичинде толук кабыл алууну камсыз кылат.

**5.4.** Абитуриент апелляцияны кароо учурунда катышууга укуктуу. Ал өзүнүн инсандыгын тастыктаган документти жана экзамен баракчасын жанында алып жүрүшү керек.

**5.5.** Жашы жете элек (18 жашка толо элек) абитуриент менен анын ата-энесинин бири же мыйзамдуу өкүлү катышууга укуктуу, мыйзамга ылайык толук аракетке жөндөмдүү деп таанылган жашы жете электерден тышкары.

**5.6.** Апелляция каралгандан кийин экзамен боюнча бааны аныктаган апелляциялык комиссиянын чечими чыгарылат.

**5.7.** Апелляциялык комиссияда пикир келишпестиктер пайда болгон учурда добуш берүү жүргүзүлөт жана чечим көпчүлүк добуш менен кабыл алынат. Протокол менен тариздеглен апелляциялык комиссиянын чечими абитуриентке маалымдалат.

## 6. КАБЫЛ АЛУУ

**6.1.** С. Тентишев атындагы АзЭУнин студенттеринин катарына окуунун бардык формалары жана түрлөрү боюнча кабыл алуу билим берүү жөнүндө документтин түп нускасы же анын дубликаты болгондо гана жүргүзүлөт, ал

Scanned with CamScanner

эми ЖРТ жыйынтыгы боюнча кабыл алуу тесттин жыйынтыгы тууралуу сертификаттын түп нускасы болгондо ишке ашырылат.

**6.2.** Контракттык негизде окууга кабыл алуу планы лицензиянын нормасына ылайык белгиленет.

**6.3.** Жүйөлүү себепсиз кирүү онлайн сынагына келбей калган же канааттандырарлык эмес баа алган адамдар конкурска катышпайт жана АзЭУне кабыл алынбайт.

**6.4.** Конкурстан тышкары төмөнкү абитуриенттер кабыл алынат:

- аскер кызматынан запаска чыгарылган жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленген жеңилдиктерге укуктуу аскер кызматкерлери;
- толук жетим балдар жана ата-энесинин камкордугусуз калган балдар (18 жашка чейин, үстүбүздөгү жылдын 1-октябрына карата);
- саламаттыгы чектелген адамдар, аларга медициналык-социалдык экспертизанын корутундусу боюнча тандаган багыты жана адистиги боюнча жогорку окуу жайда окууга каршы көрсөтмө жок болгон учурда;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка категориядагы жарандар.

**6.5.** С. Тентишев атындагы АзЭУне акысыз жана акы төлөнүүчү окуу формаларына кабыл алуунун негизги критерийлери болуп абитуриенттин билим деңгээли жана жөндөмү эсептелет.

## 7. АзЭУ АБИТУРИЕНТТЕРДИ АДИСТИКТЕР БОЮНЧА КАБЫЛ АЛАТ

**7.1.** «Дарылоо иши» факультети — жалпы практикалык дарыгерлерди даярдайт, андан кийин тар адистик боюнча адистештирүү жүргүзүлөт. Окуу мөөнөтү 6 жыл, чет өлкөлүк жарандар үчүн — 5 жыл.

**7.2.** «Стоматология» факультети — стоматолог-дарыгерлерди даярдайт, андан кийин адистештирүү жүргүзүлөт. Окуу мөөнөтү 5 жыл.

## 8. МААЛЫМАТ БЕРҮҮ ЖАНА КОНТРОЛЬ

**8.1.** С. Тентишев атындагы АзЭУ Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигине 2024-жылдын 15-октябрына

Scanned with CamScanner

чейин жыйынтыктоочу маалыматтарды берет.
АзЭУнин кабыл алуу комиссиясынын ишине контролду Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги жүзөгө ашырат.

**С. Тентишев атындагы АзЭУнин кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы**

Scanned with CamScanner